**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
*Тогуз-Торо райондук*
*билим берүү бөлүмү*

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
*Тогуз-Тороуский районный*
*отдел образования*

721500 Казарман айылы Т.Жээналиев к. №52
тел. (03738) 5-00-44,5-03-29.

721500.с. Казарман ул Т.Жээналиева
тел: (03738) 5-00-44, 5-03-29

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЯ**

« ____ » ______________ 2013-жыл №________

**Тогуз-Торо районундагы №4 Иманберди уулу Иса атындагы жалпы билим беруу уюмунун уставын бекитуу жонундо**

Кыргыз Республикасынын «Билим беруу жонундогу» мыйзамынын талаптарына. Кыргыз Республикасынын Окмотунун 2011-жылдын 12-сентябрындагы №541 токтомуна ылайык жана мектептин жалпы педагогикалык кенешмесинин 2013-жылдын 28-августтагы №1 токтомунун негизинде Тогуз-Торо райондук билим беруу болуму токтом кылат:

1. Тогуз-Торо районундагы №4 Иманберди уулу Иса атындагы жалпы билим беруу уюмунун уставы бекитилсин
2. Жалпы билим беруучу уюм мындан ары жогорудагы уставдын негизинде иш жургузсун.
3. Бул токтомдун аткарылышын козомолдоо жаны райондук билим беруу болумунун башкы адиси С.Р.Садыковго тапшырылсын

Тогуз-Торо райондук билим
беруу болумунун башчысы: Б.С.Иманбердиев

Жалал-Абад [illegible]
[illegible]
2013 31 октябрь
Юридикалык жак [illegible]
кайра [illegible] № [illegible]
Алгачкы [illegible] куну 1995
10 10
Управление юстиции Жалал-Абадской области
Произведена государственная перерегистрация юридического лица
[illegible]
Свидетельство № [illegible]
Дата первичной регистрации

"Бекитемин"
Тогуз-Торо райондук билим
беруу болумунун башчысы

Б.С.Иманбердиев
"19" октябрь 2013-жыл

# ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУНДАГЫ № 4 ИМАНБЕРДИ УУЛУ ИСА АТЫНДАГЫ ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРУУЧУ ОРТО МЕКТЕБИНИН УСТАВЫ

2013-ЖЫЛ

## *1.Жалпы жоболор*

*1.1. №4 Иманберди уулу Иса атындагы жалпы билим беруучу орто мектеби озунун билим беруучу, укуктук жана чарбалык-экономикалык ишин Кыргыз Республикасынын «Билим беруу жонундогу» мыйзамына, "Жалпы билим беруу уюму жонундогу типтуу жобого", билим берууго байланышкан Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына жана ушул Уставга ылайык жургузот.*

*1.2. №4 Иманберди уулу Иса атындагы жалпы билим беруучу орто мектеби Тогуз-Торо районунун Казарман айылында жайгашкан.*

*1.3. Жалпы билим берүүчу орто мектеп үзгүлтүксүз билим берүү системасынын негизги бөлүгү болуп саналып, мамлекет тарабынан кепилдик берилген милдеттүү жана акысыз жалпы башталгыч жана жалпы негизги билим алууну, ошондой эле акысыз жалпы орто билим алуу боюнча Кыргыз Республикасынын жарандарынын укугун ишке ашыруу үчүн шарттарды түзөт.*

*1.4. Жалпы билим берүүчу орто мектептин иши төмөнкү принциптерге негизделет:*

- *республиканын бардык жарандарынын сапаттуу билим алуу укуктарына теңдиги;*
- *гумандуулук жана жалпы адамзаттын баалуулуктарынын артыкчылыгы;*
- *жарандуулук жана патриоттук;*
- *билим берүү процессинин ырааттуулугу жана үзгүлтүксүздүгү;*
- *окутуунун динден тышкары мүнөзү;*
- *академиялык эркиндик жана ак ниеттик;*
- *жоопкерчиликтик жана натыйжалуулук.*

*1.5. Жалпы билим берүүчу орто мектептин негизги максаттары деп мамлекеттик билим берүү стандарттарын аткаруунун жана турмуштук компетенцияларына жетишүүнүн негизинде окуучулардын инсандык жалпы маданиятын калыптандыруу, кесиптик билим берүү программаларын аң-сезимдүүлүк менен тандоо жана андан ары өздөштүрүү үчүн негиз түзүү, жарандуулукка тарбиялоо, адамдын укуктары менен эркиндигин урматтоо, толеранттуу болуу, Мекенин, үй-бүлөсүн жана курчап турган айлана-чөйрөнү, эмгекти сыйлоо, сергек жашоо адаттарын калыптандыруу эсептелинет.*

*1.6. Жалпы билим берүүчу орто метеп адамдын, коомдун, мамлекеттин кызыкчылыктары үчүн окуучуларды окутууну жана тарбиялоону жүргүзүп, инсандын ден соолугун сактоону камсыздаган жана ар тараптан өнүгүүсүнө,анын ичинде оз алдынча жана кошумча билим алуу зарылчылыгын канааттандыруу боюнча дагы ылайыктуу шарттарды түзөт.*

*1.7. Жалпы билим берүүчу орто мектеп мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык жалпы башталгыч, жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнүн сапаты, билим берүү жана тарбиялоо процессин уюштурууда окуучулардын жашына жараша психологиялык жана физиологиялык өзгөчөлүктөрүнө, шыктуулуктарына жана жөндөмдөрүнө колдонулуучу тариздердин, усулдардын жана каражаттардын шайкештиги, алардын өмүрлөрүн жана ден соолуктарын коргоо ченемдери жана эрежелери боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте жооп тартат.*

*1.8. Жалпы башталгыч жана жалпы негизги билим берүү күндүзгү тариздe жүзөгө ашырылат.*

*Окуучулардын физиологиялык жана психологиялык акыбалдарына байланыштуу жалпы билим берүү программалары үй-бүлөлүк жана жекече билим алуу тариздеринде оздоштурулушу мумкун.*

*Үй-бүлөлүк, жекече жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүү шарты жана тартиби жалпы билим беруу уюму жана ата-энелердин (мыйзамдуу окулу) ортосундагы тузулгон келишим менен аныкталат жана жүзөгө ашырылат.*

1.9. Билим алуунун бардык тариздеринде конкреттүү негизги жалпы билим берүү программасынын чегинде бирдиктүү мамлекеттик билим берүү стандарты иштейт.
1.10.Жалпы орто билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн жана вариативдүүлүгүн камсыз кылууга, инсандын шыгына, жөндөмүнө жана ден соолугунун абалына ылайыкташтырып, окутуунун жана тарбиялоонун ыңгайлуу шарттары камсыздалган билим берүү инфраструктурасын түзүү максатында, билим берүүнүн мазмунуна коюлуучу конкреттүү маселелер менен талаптарга жана бюджеттик каржылоо шарттарына ылайык ар кандай типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдары түзүлүшү мүмкүн. Алардын ишкердүүлүктөрү Кыргыз Республикасынын тийиштүү ченемдик укуктук актылары менен жөнгө салынат.

## 2.Жалпы билим берүү уюмунун ишин уюштуруу

2.1.Жалпы билим берүү уюму юридикалык жак катары уставы, эсептөө жана башка счетторү, мамлекеттик жана (же) расмий тилдеринде почталык дареги жазылган мөөрү, бурч-мөөрү (штампы) жана бланктары, бекитилип берилген мүлкү бар уюм болот.
2.2.Жалпы билим берүү уюму Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен тартип боюнча мамлекеттик аттестациядан (аккредитациядан) өтөт.
2.3. Жалпы билим берүү уюму Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жана келишимдин негизинде кесиптик уюмдарын жана бирикмелерин (педагогикалык ассоциацияларды, союздарды, окутуу - усулдук бирикмелерди ж.б. кеңештерди жана уюмдарды) түзүүгө жана (же) алардын иштерине катышууга укуктуу.
2.4. Окуучуларды акысыз медициналык тейлөө, санитардык-тазалык ченемдери, тамактануулардын сапаты жана режими саламаттыкты сактоо органдары тарабынан жүргүзүлөт.
2.5. Жалпы билим берүү уюмунда окуучулардын тамактануусун уюштуруу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен аныкталат.
2.6. Жалпы билим берүү уюмунда класстардын саны жарандардын тапшырган арыздарына жана санитардык - тазалык эрежелери менен класстардын толукталышынын чектүү ченемдердин негизинде жалпы билим берүү процессин жүргүзүү үчүн түзүлгөн шарттарга байланыштуу болот. Ал эми класстардын окуучулар менен толукталышы:

- 1 жана 2- баскычтар үчүн - 25 окуучу
- 3 баскычтар үчүн - 20 окуучу

Чет тили жана орус тили сабактарын окутууда 1-9 класстарда 30, 10-11-класстарда 25 окуучу менен толукталган класстарда эки топко бөлүнөт.
2.7. Жалпы билим берүү уюмунун класс-комплектеринин толукталышынын чектүү ченемин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктайт.
Чакан комплектүү жалпы билим берүү уюмунун класстарынын толукталышы тийиштүү шарттар жана каражаттардын болушуна жараша белгиленет.
2.8. Жалпы билим берүү уюму окуучулардын ата- энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) суранычтары боюнча Кыргыз Республикасынын тийиштүү ченемдик укуктук актысынын негизинде акы төлөнүүчү узартылган топторду ачууга укуктуу.
2.9. Жалпы билим берүү уюмунда уюштуручуусунун макулдугу боюнча Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарынын негизинде акыл- эсинде жана дене түзүлүшүндө кемтиги бар окуучулар үчүн атайын (коррекциялоочу) класстары ачылышы мүмкүн.

Окуучуларды атайын (коррекциялоочу) класстарга которуу (жиберүү) алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) макулдугу менен психологиялык – медициналык – педагогикалык консультациясынын корутундусу боюнча райондук билим берүү бөлүмү тарабынан Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарына ылайык жүргүзөт.

## 3. Билим берүү процесси

3.1. Жалпы билим берүү уюму билим берүү процессин негизги жалпы билим берүү программаларынын деңгээлдерине ылайык мектептик билим берүүнүн үч баскычында жүргүзөт:

- жалпы башталгыч билим берүү (окутуунун ченемдик мөөнөтү- 4 жыл);
- жалпы негизги билим берүү (окутуунун ченемдик мөөнөтү- 5 жыл);
- жалпы орто билим берүү (окутуунун ченемдик мөөнөтү - 2 жыл).

3.2. Уч баскычтан сырткары жалпы билим беруу уюмунун даярдоо классына 6 жашка толгон балдар кабыл алынат.

3.3. Жалпы билим берүү уюмуна 6-7 жашка толгон балдар кабыл алынат, ар бир класста окутуунун узактыгы бир окуу жылынан кем эмес.

3.4. Башталгыч жалпы билим берүүнүн милдеттери болуп окуучуларды окутуу, тарбиялоо жана өнүктүрүү, алардын окуудагы, жазуудагы жана саноодогу жалпы билүүлөрү менен жөндөмдөрүн, логикалык ой жүгүртүү элементтерин жана таанып- билүү ишин, өз алдынча билим алуунун жана өзүн-өзү уюштуруунун жөнөкөй ыкмаларын, жүрүм-турум жана сүйлөөнүн маданиятын, өздүк тазалыгынын негиздерин жана жашоонун сергек адаттарын өздөштүрүү эсептелет.

Жалпы башталгыч билим берүү негизги жалпы билим алуу үчүн база болуп саналат.

3.5. Жалпы негизги билим берүүнүн милдеттери болуп окуучуларды инсан катары тарбиялоо, түзүү жана калыптандыруу үчүн социалдык жактан өзүн-өзү аныктоого, өз алдынча иш тажрыйбасын өздөштүрүүгө жана өзүн-өзү көзөмөлдөөгө багытталган шыктарын жана компетенцияларын өнүктүрүү эсептелет.

Жалпы негизги билим берүү жалпы орто билим, башталгыч жана орто кесиптик билим алуу үчүн база болуп саналат.

3.6. Жалпы орто билим берүү жалпы билим берүүнүн аяктоочу этабы болуп, окуучулардын туруктуу компетенцияларын жана чыгармачылык шыктарын өнүктүрөт, ошондой эле дифференцияланган окутуунун жана кесипти же эмгектенүүнү аң-сезимдүү тандоо үчүн даярдоонун негизинде өз алдынча окуу көнүгүүлөрүн калыптандырууну камсыздайт.

Жалпы орто билим башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча окууну улантууга база болуп берет.

3.7. Жалпы билим беруу уюмунда жалпы орто билим беруунун мазмуну мамлекеттик билим беруу стандарттарынын жана негизги жалпы билим беруу программаларынын негизинде аныкталып, жалпы билим беруу уюмунда окуу жылынын планы, жалпы билим беруу уюму тарабынан оз алдынча иштелип чыгып, бекитилген сабактардын расписаниеси жана ошондой эле жылдык календардык окуу планы менен ишке ашырылат.

3.8. Жалпы билим берүү уюму Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили деп аныкталган кыргыз тилин мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык окутат. Кыргыз Республикасында расмий тили катары орус тили, ошондой эле бир чет тил, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлиги бекиткен Базистик окуу планына ылайык окутулат. Жалпы билим берүү уюмунда окутуу мамлекеттик тилде жургузулот.

3.9. Жалпы билим беруу уюмунун тийиштуу шарттарына (педагогикалык кадрлар, окутуу-усулдук каражаттар, материалдык-техникалык жабдуулар ж.б.) жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык негизги жалпы билим беруу программаларынан тышкары да кошумча билим беруу программаларын ишке ашыра алат жана кошумча билим беруу кызматын (келишимдин негизинде) корсото алат.

3.10. Кошумча билим беруу программалары жана кошумча билим беруу кызматы окуучулардын жана ата-энелеринин (мыйзамдуу окулдорунун) макулдуктары менен тийиштуу шарттар тузулсо откорулот.

3.11. Жалпы билим беруу уюмунда окуучулардын жетишуусун козомолдоо мугалимдер тарабынан 5 баллдык система (минималдык балл – 2, максималдык балл - 5) менен бааланат. Мугалим окуучулардын оозеки ишин (текшеруу, контролдук иштери дагы) текшерип, баалоо менен класстык журналга жана окуучунун кундолугуно баа коёт.

Окуучулардын билими чейректерде бааланып, окуу жылынын аягында жалпы жылдык баалар коюлат. 1-класстарда окуучулардын билимин баалоо баллдык система менен жургузулбойт.

Окуучулардын ата-энелеринин (мыйзамдуу окулдорунун) окуучунун алган жылдык баасына макул эмес учурларында жалпы билим беруу уюмунун кенеши тарабынан тузулгон комиссияга тиешелуу предмет боюнча экзамен тапшыруу мумкунчулугу берилет.

Окуучулардын класстан класска кочуруу жана жыйынтыктоо аттестациясын откоруу тартиби, мооноту жана отуу формасы Кыргыз Республикасынын билим беруу жана илим министрлигинин буйругу менен аныкталып, жалпы билим беруу уюму тарабынан ишке ашырылат.

3.12. Жалпы билим беруу уюмунда Базистик окуу планын негизинде иштелип чыккан иш окуу планы боюнча билим беруу процесси откорулот. Окуучулардын окуу жуктому чектелген жуктомдун ченеминен ашпаш керек жана Базистик окуу планынын окуу сабактарын окутууга болунгон сааттарынын санынан томон болбош керек.

Башталгыч класстар учун жумалык окуу узактыгы 5 кун, 5-11-класстарда жумалык окуу узактыгы 6 кун.

Сабактын расписаниеси балдардын шашке тамагын ичуу убактысын эске алуу менен ылайыкташтырылуусу зарыл. Окуу сабактары 2 сменада жургузулот, сабактардын башталышы 1-смена 8-00 до, 2-смена 13-00 до, кыш мезгилинде 1-сменада $8^{30}$да, 2-смена $13^{30}$да башталат.

3.13. Жалпы билим беруу уюмунда окуу жылы 1-сентябрда, ал эми бул кун жекшемби кунго туш келсе кийинки иш кунунон башталат.

1-класстарда окуу жылынын узактыгы – 33 апта, 2-4-кластарда 34 апта, 5-11-класстарда мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациясынын мооноторун эсептебегенде 34 аптадан кем эмес окуу жумасын тузот.

- 1- чейрек - 9 жума;
- 2-чейрек - 7 жума;
- 3-чейрек - 10 жума;
- 4-чейрек - 8 жума.

Окуу жылынын ичинде каникулдардын созулушу 30 календардык күндөн кем эмес, жайында 14 календардык күндөн кем эмести түзөт. Биринчи класстын окуучуларына окуу жылынын ичинде кошумча бир апталык каникулдар берилет.

1-класстарда сабактын узактыгы 40 минутаны, 2-11-класстарда 45 минутаны тузот.

Жалпы билим беруу уюмунун жылдык (календардык) окутуу жугуртмосу райондук билим беруу болуму менен макулдашып бекитилет.

3.14. Мамлекеттик билим берүү саясатын ишке ашырган жалпы билим берүү уюмунун ишин мамлекеттик контролдоону райондук билим берүү болуму жүргүзөт.

3.15. Жалпы орто билим берүүнүн сапатынын кепилдигинин негизги таризи болуп жаңы типтеги жалпы билим берүү уюмдарынын аныкталган тартипте беш жылда бир жолу өткөрүлүүчү мамлекеттик аттестациясы (аккредитациясы) эсептелинет.

## 4. Билим берүү процессинин катышуучулары

4.1. Жалпы билим берүү уюмунун окуу процессинин катышуучулары болуп окуучулар, педагогикалык кызматкерлер (мындан ары - мугалимдер) жана окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) эсептелинет.

4.2. Жалпы билим берүү уюмуна бекитилген аймакта жашаган окуу жашындагы балдардын жана өспүрүмдөрдүн бардыгы арыздарынын жана аныкталган үлгүдөгү

медициналык маалымкаттарынын негиздеринде мектепте билим берүүнүн бардык баскычтарына кабыл алуулары сыноосуз, акчалай жана башка төлөмдөрсүз өткөрүлөт.

Даярдоо жана 1-класска кабыл алуу учун томондогу документтер талап кылынат:

- Ата-энесинин (мыйзамдуу окулунун) арызы
- Баланын туулгандыгы тууралуу куболугу
- Баланын белгиленген улгудогу медициналык картасы
- Баланын жашаган дареги тууралуу тактама же ата-энесинин (мыйзамдуу окулунун) бироосунун паспорту (жашаган, катталган жери корсотулгон бети кошо).

2-11-класстарга кабыл алууда ата-энесинин (мыйзамдуу окулунун) арызы, оздук делосу, туулгандыгы тууралуу куболугу талап кылынат.

4.3. Жалпы билим берүү уюму кабыл алып жатканда окуучуларды жана алардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) ушул устав менен жана окуу процессин жөнгө салуучу башка да жердиктүү документтер менен тааныштырууга милдеттүү.

4.4. Окуучулар төмөнкүлөргө укуктуу:

- жалпы билим берүү уюмун ар кайсы этабына окууга кирүүгө жана билим алуунун таризин тандоого;

- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын деңгээлинде милдеттүү жана акысыз жалпы башталгыч, жалпы негизги жана акысыз жалпы орто билим алууга;

- кошумча билим берүү кызматын, анын ичинде акы төлөнүүчү да таризде алууга;

- жалпы билим берүү уюмунун китеп-канасынын, маданияттык-спорттук жана өндүрүштүк базасын пайдаланууга;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аныкташкан тартиптер боюнча бекер тамактанууга жана медициналык тейлөөгө, жүргүнчү автотранспортто жүрүүнүн жеңилдиктерин пайдаланууга;

- уставда аныкталган таризде жалпы билим берүү уюмун башкарууга катышууга;

- балдар уюмунун ишин уюштурууга жана ага катышууга;

- инсандык кадыр-баркты урматтоого жана маалымат эркиндигине, өзүнүн жеке көз карашын жана ынанымдарын эркин айтууга;

- жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнү аяктаганда мамлекеттик үлгүдөгү билими жөнүндө документтерин өз учурунда алууга ж.б. укуктуу.

4.5. Окуучулар төмөнкүлөргө милдеттүү:

- жалпы билим берүү уюмунун уставын тутууга жана аткарууга;

- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын деңгээлинде жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүгө;

- Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган кыргыз жана башка да улуттардын салттарын, жалпы билим берүү уюмунун башка окуучуларынын жана кызматкерлеринин ар-намысын жана кадыр баркын урматтоого;

- ички тартипти сактоо боюнча жалпы билим берүү уюмунун, анын ичинде мектептик кийим талаптарын аткарууга;

- уюлдук телефондорду мектепте колдонбоого;

- окуучулардын диний көз караштагы уюмдарга катышуусуна жана диний кийимдерди мектепке колдонбоого ;

- мектеп жашындагы балдарды жана оспурумдорду айдоо куболугу жок автомототранспорт айдоосуна тыюу салынат;

- жалпы билим берүү уюмунун мүлкүнө этиеттик мамиле кылууга

- Кыргыз Республикасынын билим беруу жана илим министрлигинин ченемдик укуктук актыларын жана жалпы билим берүү уюмунун кошумча локалдык актыларын аткарууга милдеттуу.

Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жана жалпы билим берүү уюмунун кошумча локалдык актылары менен окуучулардын кошумча укуктары жана милдеттери аныкталышы мүмкүн.

4.6. Жалпы билим берүү уюмундагы тартип окуу процессинин бардык катышуучуларын инсандын кадыр-баркын урматтоосунун негизинде жолго салынат.

*Окуучуларга карата кара күч жана психикалык зомбулук ыкмаларын колдонууга кескин тыюу салынат.*
*4.7. Жалпы билим берүү уюму окуучулардын жана ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) макулдугусуз жалпы билим берүү программаларында жана Базистик окуу планында каралбаган жумуштарды аткарууга жол берилбейт.*
*4.8. Окуучуларды коомдук-саясый жана диний партиялар менен уюмдарга, аскердик түзүлүштөргө кирүүсүнө (өтүүгө), ошондой эле ушул партиялар менен уюмдардын иштерине, агитациялык компаниялар менен саясый акцияларына катышуусун мажбурлоого жол берилбейт.*
*4.9. Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарына ылайык жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнүн негизги жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүү бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациясы менен аяктайт.*
*Тийиштүү класстардын негизги жалпы билим берүү программаларын толук өлчөмдө өздөштүргөн окуучулар жалпы билим берүү уюмунун педагогикалык кеңешинин чечими боюнча кийинки класска которулат.*
*Өткөн класстын (баскычтын) негизги жалпы билим берүү программаларын өздөштүрбөгөн окуучулардын Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамына ылайык жалпы билим берүү уюмуңун кийинки классында (баскычында) окуусуна жол берилбейт.*
*4.10. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан өткөн жалпы билим берүү уюмунун бүтүрүүчүсүнө Кыргыз Республиканын тийиштүү мыйзамдарына ылайык жалпы билим берүү уюмунун герби бар мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ (күбөлүк, аттестат) тапшырылат.*
*Жалпы билим берүү уюму жалпы негизги же жалпы орто билим берүүнү аяктабаган окуучуга аныкталган үлгүдөгү маалымкат тапшырат.*
*4.11. Жалпы негизги жана жалпы орто билим берүү программаларын өздөштүрүүдө өзгөчө ийгиликтерге жетишкен бүтүрүүчүгө Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамына ылайык жалпы билим берүү уюмунун герби бар мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн билиминин артыкчылыгы жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ (күбөлүк, аттестат) тапшырылат.*
*Бир же бир нече сабактарды өздөштүрүүдө өзгөчө ийгиликтерге жетишкен бүтүрүүчү "Айрым сабактарды өздөштүрүүдө жетишкен өзгөчө ийгиликтери үчүн" деген Мактоо грамотасы менен сыйланат.*
*Бардык сабактар боюнча эң жакшы чейректик, жылдык жана жыйынтыктоочу баалары бар көчүрүү класстарынын окуучулары "Окуудагы эң жакшы ийгиликтери үчүн" деген Мактоо баракчасы менен сыйланышат.*
*4.12. Жалпы билим берүү уюмунун педагогикалык кеңешинин чечими жана балдардын иштери боюнча комиссиянын макулдугу боюнча укукка каршы иш–аракеттерди жасаган жана жалпы билим берүү уюмунун уставын көп жолу одоно бузгандыгы үчүн он беш жашка чыккан окуучуларды, педагогикалык таасир этүүнүн чектүү чарасы катары жалпы билим берүү уюмунан чыгарууга жол берилет.*
*Балдардын иштери боюнча комиссия ата-энеси (мыйзамдуу өкүлү) менен бирдикте чыгарылган окуучуну башка жалпы билим берүү уюмунда окуусун улантуу же ишке орноштуруу боюнча чечимин бир ай ичинде кабыл алат.*
*Жетим балдарды жана ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) багуусунан ажыраган балдарды жалпы билим берүү уюмунан чыгаруу жөнүндө чечим тийиштүү жергиликтүү мамлекеттик администрациянын алдындагы үй-бүлөнү жана балдарды коргоо боюнча бөлүмдөрдүн макулдугу менен кабыл алынат.*
*4.13. Окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) төмөнкүлөргө укуктуу:*
*- жалпы билим берүү уюмун тандап, окуусун улантуу үчүн окутуунун бардык этабына балдарын жиберүүгө жана билим алуунун таризин тандоого;*
*- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын чегинде окуучулардын жалпы орто билим алуу укугун сактоону талап кылууга;*
*- балдардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого;*

- уставда аныкталган тариздe жалпы билим берүү уюмунун башкаруусуна катышууга;

- билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органына балдарды окутуу жана тарбиялоо маселелери боюнча кайрылууга укуктуу.

4.14. Окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) төмөнкүлөргө милдеттүү:

- балага жалпы орто билим алуу үчүн зарыл шарттарды түзүүгө;

- балдардын уч-кубатына жана психикалык ден соолуктарына ар дайым камкордук коруугo

- билим беруу уюмунун аймагынан сырткары, окуудан тышкары убакта болгон балдардын саламаттыгы жана омуру учун толук жоопкерчилик тартууга;

- баланын инсандык намысын урматтап, аны улуттук, тарыхый, руханий-маданияттык байлыктарын жана элдик салттарды, Мекенин, айлана-чойрону урматтоого тарбиялоого;

- 1-10-класстарда окуучулук форманы толук камсыз кылуу;

- жалпы билим берүү уюмунун уставындагы өзүлөрүнүн укуктарын жана милдеттерин аткарууга жана балдарынын тарбиясына жана жалпы билим берүү уюмдарына зыян келтиргендиги үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдары аныктаган тартипте жооп берүүгө.

4.15. Жалпы билим берүү уюмун мугалимдер менен толуктоо (комплекттөө) Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык жүргүзүлот.

Мугалимдер үчүн негизги жумуш берүүчү болуп жалпы билим берүү уюму эсептелет.

Педагогикалык кызматка билими жөнүндө диплому, тийиштүү педагогикалык классификациясын ырастаган педагогикалык адистикке ээ болгон адамдар кабыл алынат.

Педагогикалык билими жана дасыгы жок жарандар кайра даярдоо курсунан отушкондон кийин гана педагогикалык кесипке иштоого укуктуу.

Соттолгон же Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен тизме боюнча медициналык көрсөткүчтөрү бар жарандарга жалпы билим берүү уюмунда иштөөгө жол берилбейт.

- медициналык көрсөткүчү бар II-группадагы эмгекке жарамдуу жана III-группадагы педагогдорго окуу жүктөмү толук эмес типте берилет;

- пенсия жашындагы педагогдорго окуу (жумалык) жүктөмү жалпы жамааттын макулдугу жана педагогикалык кенештин чечиминин негизинде берилет.

Педагогикалык иш жургузуу укугунан ажыратуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жургузулот.

4.16. Мугалимдердин эмгек мамилелери Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык түзүлгөн келишим менен жөнгө салынат.

4.17. Мугалимдер төмөнкүлөргө укуктуу :

- окутуунун жана тарбиялоонун усулдарын, жалпы билим берүү программаларын, окутуу-усулдук комплекттерди окуучулардын билимин баалонун усулдарын өз алдынча тандоого жана колдонууга;

- мамлекеттик билим беруу стандарттарынын, окутуу жана тарбиялоо усулдарынын негиздеринде автордук жалпы билим беруу программасын, окуу китебин, окутуу-усулдук колдонмолорун иштеп чыгууга жана колдонууга;

- новатордук усулдарды жана ыкмаларды тузууго жана пайдаланууга, илимий-педагогикалык эксперимент жургузууго, алдынкы педагогикалык тажрыйбаны ишке ашырууга;

- педагогикалык иште новатордук усулдарды жана ыкмаларды тузгондугу жана жайылткандыгы учун сыйланууга;;

- озунун кадыр-баркын жана кеситик ар-намысын коргоого;

-озунун кеситик денгээлин жана дасыгын жогорулатууга (бул смаксатта жалпы билим беруу уюмунун администрациясы мугалимдерди кайра даярдоо жана дасыктарын жогорулатуу курстарында окутуу учун тийиштуу шарттарды тузот);

- Кыргыз Республикасынын тийиштуу мыйзамдарына ылайык оз ыктыяры менен аттестацияланууга;

- уставда аныкталган таризде жалпы билим беруу уюмун башкарууга катышууга;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кабыл алган кошумча социалдык кепилдиктерге жана жеңилдиктерге.

4.18. Мугалимдер төмөнкүлөргө милдеттүү:

- педагогикалык этиканы жана жалпы билим берүү уюмунун уставын тутууга жана аткарууга;

- мамлекеттик билим беруу стандарттарынын денгээлинде окуучулардын негизги жалпы билим беруу программаларын оздоштуруулорун камсыздоого;

- окуучулардын өзгөчөлүктөрүн, ишке чеберчилик менен мамиле кылууларын өнүктүрүүгө, жүрүм-турумдарынын жогору ахлактык сапаттарын тарбиялоого;

- билим беруу тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган бекиткен кызматтык дасыктык талаптарга ылайык келууго;

- озунун кесиптик денгээлин ар дайым оркундотууго жана дасыктарын жогорулатууга;

- жалпы мектеп аныктаган мугалимдер үчүн форма талаптарын аткарууга ( диний көз- караштагы кийимдерди жана мектептин эрежесине ылайык келбеген кийимдерди кийүүгө уруксат берилбейт);

- мектепте спирт ичимдиктерин ичпөөгө , башка мугалимдерди басмырлабоого, аброюна шек келтирбоого;

- эмгек келишиминде көрсөтүлгөн талаптарды так аткарууга ;

- мектептин окуу процессине тийиштүү баардык иштер , алмаштарылган сааттар, окуучулардын кыймылынын отчету, класс инвентарлары , билим сапаты ж.б. үчүн жоопберууго;

- окуучуларга карата моралдык жана күч ыкмаларын колдонбоого милдеттүү.

4.19. Педагогикалык жүктүн өлчөмү окуу планы боюнча сааттардын санына, жалпы билим беруу уюмунун кадрлар менен камсыздыгына жана башка да иш шарттарына жараша аныкталат.

Окуу планынын саттарынын саны азайтылбаса же класстардын саны кыскартылбаса, окуу жылынын башында белгиленген окутуу жуктомунун олчому (педагогикалык иши) окуу жылынын ичинде жалпы билим беруу уюмунун администрациясынын демилгеси менен бир ставкадан томон кыскартылбайт. Мектеп администрациясы мугалимдердин билим денгээлине баа беруу менен окуу жуктомун аныктайт.

Жаңы окуу жылынын башында окутуу жүгүн белгилөөдө, бул жалпы билим берүү уюму негизги иш орду болуп саналган мугалимдер үчүн класстарда сабак өтүү өлчөмү жана окутууну улантуу сакталат.

4.20. Мугалимдердин макулдугусуз кесиптик милдеттери жана эмгек келишими менен каралбаган жумуштарга тартууга жол берилбейт. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган учурлардан тышкары, эмгек келишими менен каралбаган жумушту аткарууга мугалимдин каршы болушу аны кызматтан бошотууга негиз боло албайт.

## 5. Жалпы билим берүү уюмун башкаруу

5.1. Жалпы билим берүү уюмун башкаруу Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамына, жалпы билим берүү уюму жөнүндө типтүү жобого жана ушул уставка ылайык демократиялык, ачык-айкындык, өз алдынча жана мамлекеттик–коомдук кызматташтык принциптерине ылайык жүргүзүлөт.

5.2. Жалпы билим беруү уюмунда тең башкаруунун тариздери болуп жалпы чогулуш, педагогикалык кеңеш, камкордук кеңеши, ата-энелер комитети, окуучулардын өз алдынча башкаруулары жана башка кеңештер эсептелинет.

Жалпы чогулуш - жалпы билим беруу уюмунда эмгектенген педагогика кадрлары, кесиптик бирликтин мучолору катышкан чогулуш. Жалпы чогулушта жалпы билим беруу уюмунун директору торагалык кылат жана чогулуштун катышуучуларынын ичинен катчысын шайлап алышат. Чогулуштун журушу боюнча катчы протокол жазып, торагалык кылуучу директор, жалпы билим беруу уюмунун кесиптик бирлигинин торагасы жана катчынын колу коюлат.

Педагогикалык кенеш – мектептин мугалимдеринин дайыма иштоочу озун-озу башкаруучу коллегиялдуу органы болуп эсептелет.

Педагогикалык кенештин туруктуу курамына директор, анын орун басарлары, мектептен жана класстан тышкаркы иштерди уюштуруучу, бардык предметтик мугалимдеркитепканачы жана ата-энелер комитетинин торагасы киришет.

Педагогикалык кенештин торагасы болуп жалпы билим беруу уюмунун директору эсептелет.

Педагогикалык кенеш окуу жылынын башталышында бекитилген иш план боюнча иш жургузот. Педагогикалык кенештин чечими анын отурумунда кенешке катышкандардын учтон эки добушу менен кабыл алынат. Эгерде чечимди кабыл алууда добуштардын саны барабар болсо, анда тораганын добушу чечуучу болуп эсептелет. Эгерде мектептин директору педагогикалык кенештин чечими менен макул болбосо, анда бул чечимдин аткарылышын токтотуп, бул жонундо райондук билим беруу болумуно билдирууго тийиш.

Педагогикалык кенештин курамына кирген мугалимдердин арасынан окуу жылына карата кенештин катчысын шайлайт. Кенештин катчысы кенешменинпротоколдорун системалуу, мазмундуу, сабаттуу турдо жазып кол коет. Педагогикалык кенештин протоколу жазылган китепче жалпы билим беруу уюмунда 5 жылга чейин сакталат, бул китепченинбеттери номерленет жана моор басылат. Педагогикалык кенеш тарабынан кабыл алынган чечимдер мугалимдер учун милдеттуу турдо аткарылууга тийиш. Кенеш тарабынан кабыл алынган чечимдердин аткарылышын козомолдоо иштерин билим беруу уюмунун директору ишке ашырат. Ар бир откорулгон кенеш тарабынан кабыл алынган чечимдердин аткарылышы боюнча, торага кенештин отурумунун алдында, мурдагы чечимдердин аткарылышы боюнча кыскача маалымат берет. Педагогикалык кенештин мучолору билим беруу уюмунун ишин жакшыртуу боюнча кенешке маселелерди коюуга укуктуу.

Педагогикалык кенештер окуу жылынын журушундо 5 жолудан кем эмес откорулот. Биринчи педагогикалык кенеш окуу жылы башталганга чейин август айынын акырында отот. Ал эми 5-акыркы кенеш 3 жолку отурумдар ирээтинде откорулот, б.а. бутуруучу класстардын окуучуларын экзамендерге кийируу, 9-класстын бутуруу экзамендеринин жыйынтыктары жана 11-класстын бутуруу экзамендеринин жыйынтыктары жонундо. Ал эми калган педагогикалык кенештер окуу тарбия иштерин жакшыртуу, мугалимдердин билимин оркундотуу аркылуу алардын чеберчилигин которуу, мугалимдердин аттестациядан откоруу, окуу-тарбия ишинде айырмаланган мугалимдерди сыйлыктарга корсотуу жана окуу-эксперименталдык иштерди жургузуу жонундогу актуалдуу маселелерди камтууга тийиш.

Камкордук коруучу кенеш - билим беруу уюмдарында белгиленген максаттарга жетуу учун комок корсотуучу функцияларды ишке айыруучу, ошондой эле кошумча (бюджеттен тышкаркы) кражаттарды тартуучу, алардын максаттуу колдонулуусун козомолдоочу орган. Камкордук коруучу Кенеш 11 адамдан кем эмес, 15 адамдан ашык эмес ишкерлер чойросунун окулдорунон, илимий жана билим беруу уюмдарынан, эл аралык, коомдук бейокмот уюмдарынан, ата-энелердин бирикмелеринен, билим берууну башкаруу органдарынын окулдорунон, жеке тараптардан тузулот. Камкордук коруучу Кенештин ыйгарым укуктуу моонотy – 3 жыл. Камкордук коруучу

*Кенештин торагасы ачык добуш берүү жолу менен Кенештин мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен 1 жылга шайланат (кайра шайланат).*

*Ата-энелер комитети - окуу жылынан башында жалпы билим берүү уюмунда окуган окуучулардын ата-энелеринин жалпы билим берүү уюму тарабынан чакырылган чогулушунда шайланат. Комитеттин курамы бештен тогузга чейин болуп, торагасын жана катчысын шайланган курамдын ичинен шайлашат. Ата-энелер чогулушу жылына 2 жолудан кем эмес өткөрүлөт.*

*5.3. Жалпы билим берүү уюмуна түздөн-түз жетекчиликти директор жүзөгө ашырат.*

*Республикалык бюджеттен каржыланган жалпы билим берүү уюмунун директору Билим берүү министирлиги тарабынан, ал эми жергиликтүү бюджеттен каржыланган жалпы билим берүү уюмунун директору – райондук билим берүү бөлүмү тарабынан кызматка дайындалат жана ээлеген кызматынан бошотулат.*

*Жалпы билим берүү уюмунун директору Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык кызматка дайындалат, которулат жана ээлеген кызматынан бошотулат.*

*Директорлук кызматка пенсия жашынан өтпөгөн, жогорку педагогикалык билими жана 7 жылдан кем эмес педагогикалык стажы бар, Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы ченемдик - укуктук актыларын, психологияны, менеджментти жана билим берүүнү каржылоону, мектепке билим берүү маселелери боюнча мамлекеттик институттардын жана коомдук уюмдардын укуктарын жана милдеттерин билген Кыргыз Республикасынын жараны дайындалат.*

*5.4. Директордун орун басарын, окуу бөлүмүнүн башчысын, тарбия иштери боюнча директордун орун басарын, социалдык педагогду жана материалдык – жооопкерчиликтүү (чарба иштери боюнча) кызматкерди кызматка дайындоо жана кызматтан бошотуу жалпы билим берүү уюмунун директорунун сунуштамасы боюнча райондук билим берүү бөлүмү тарабынан жүргүзүлөт.*

*Педагогикалык жана башка кызматкерлерди жумушка алуу жана кызматтан бошотуу жалпы билим берүү уюмунун директору тарабынан Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык жүргүзүлөт.*

*5.5. Жалпы билим берүү уюмунун директору ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн), мамлекеттин жана коомдун алдында өзүнүн кызматтык милдеттерине, эмгек келишимине жана жалпы билим берүү уюмунун уставына ылайык жекече түрдө жооп тартат.*

*5.6. Директор:*

*- Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" жана "Мугалимдин статусу жөнүндө" мыйзамдарын, жалпы орто билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларын сактап, ишке ашырат;*

*- билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органынын макулдугу боюнча педагогикалык кенеш менен бирдикте жалпы билим берүү уюмунун негизги өнүгүү багыттарын аныктап, ишке ашырат;*

*- жарандардын жалпы орто билим алуу зарылчылыктарын канааттандырат;*

*- административдик – аткаруу органдарында жана башка мекемелерде жалпы билим берүү уюмунун укуктарын жана кызыкчылыктарын коздойт жана колдойт.*

*- мугалимдерди жана техникалык персоналды тандоону жана жайгаштырууну жүргүзөт, педагогикалык кеңештин ишин жетектейт;*

*- билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органы менен макулдашылган окуу планынын мугалимдер менен бирдикте жүзөгө ашырат;*

*- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана негизги жалпы билим берүү программаларынын чегинде окуучуларды билимдеринин жеткиликтүүлүгүн жана сапаттуулугун камсыз кылат;*

*- класстан тышкаркы иштердин мазмуну аркылуу окуучулардын тарбиялоо ишин камсыздайт жана көзөмөлдөйт;*

*- мугалимдердин дасыктарын жогорулатууга жана алардын кесиптик өсүшүнө шарттарды түзөт, ошондой эле алардын аттестациядан өткөрөт;*

- билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документтерин тапшырууну уюштурат жана аларды даярдоо үчүн бүтүрүүчүлөр жөнүндө тапшырылуучу маалыматтын тактыгын камсыздайт жана жооп тартат;

- балалыкты коргоо, жашы жетишпегендердин укуктарын жана кызыкчылыктарын сактоо боюнча талаптарды көзөмөлдөйт жана сактайт;

- жалпы билим беруу уюмунун каржылык – чарбачылык ишин жетектейт жана козомолдойт;

- гранттардын жана инвестициялардын, ата-энелердин оз эрки менен тапшырган тогумдорун, анын ичинде кошмча билим беруу кызматынан тушкон кирешелерди да, натыйжалуу пайдаланууну козомолдойт жана жекече турдо жооп берет;

- жалпы билим берүү уюмунун материалдык - техникалык базасын эсепке алуу жана сактоо, техникалык коопсуздугун жана санитардык - тазалык режимин сактоо, окуучулардын жана кызматкерлердин эмгегин коргоо үчүн жооптуу болот жана алар үчүн жооп тартат;

- жетектеген билим беруу уюмунда ортко каршы коопсуздук боюнча, ошондой эле окуу учурунда окуучулардын жана кызматкерлердин омурлоруно жана ден соолуктарына коркунуч келтирген же алардын олумуно алып келген учурлардын татаалдыгына жана куноосунун денгээлине жараша Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тартиптик, административдик жана кылмыш жоопкерчилигин жекече турдо тартат;

- кызматтык милдеттерге, жалпы билим берүү уюмунун уставына жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык башка да милдеттерди аткарат.

## 6. Мүлк жана материалдык - финансылык каражаттар

6.1. Жалпы билим берүү уюмунун уставдык ишин камсыз кылуу максатында уюштуруучу же ал ыйгарым укук берген орган Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте озуно таандык менчикти же озу учунчу тараптан куроого алган имараттарды, курулуштарды, жабдууларды жана башка мулкту жалпы билим беруу уюмуна бекитилип берет.

Жалпы билим беруу уюму Кыргыз Республикасынын мыйзамында аныкталган тартипте бекитилип берилген жер улушуно ээ жана жер улушунон тушкон каражаттарды жалпы билим беруу уюмунун материалдык-техникалык базасын чыңдоо учун пайдаланууга укуктуу.

Жалпы билим берүү уюмуна бекитилип берилген мүлк билим берүү максатынан тышкары алынып коюлушу жана (же) ээликтеп ажыратылышы мүмкүн эмес.

6.2. Жалпы билим берүү уюму райондук билим беруу болумунун макулдугу менен ашканасын жана спорттук залын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күроого берүүгө укуктуу.

Эгерде, жалпы билим беруу уюмунун негизги фонддорун учунчу тараптын пайдасына ажыратуу каралса, жалпы билим беруу уюму бутум тузууго укуксуз.

6.3. Мамлекеттик жалпы билим берүү уюмунун мулкүн жана каржылоо ресурстарын топтоо булактары болуп:

- республикалык жана жергиликтүү бюджеттер;

- уюштуруучу болуп саналган жекече жана юридикалык жактардын, чет олколордун жана жарандарынын каражаттары;

Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тыюу салбаган бюджеттен тышкаркы ишмердуулуктон тушкон жалпы билим беруу уюмунун озунун каражаттары;

- депозиттик салымдардан тушкон кирешелер

- жекече жана юридикалык жактардын, чет олкөлөрдүн да оз ыктыярлары менен кошкон каражаттары, кайрымдуулуктары жана максаттуу толомдору;

- кредиттер

- комокчу чарбадан тушкон продукцияны сатуу менен тушкон кирешени жалпы билим беруу уюмунун материалдык-техникалык базасын чыңдоо учун пайдалануу;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка да булактар эсептелет.

6.4. Жекече жана юридикалык жактар белек, кайрымдуулук же керээз катары берген акчалай каражаттарына, мүлккө жана менчик объектилерине, ошондой эле өз ишкердүүлүгүнөн түшкөн кирешелерден жана ошол кирешеге сатып алынган менчиктик объектилерине да жалпы билим берүү уюмунун менчиктик укугу бар.

6.5. Жалпы билим берүү уюму өзүнүн карамагындагы акчалай каражаттарынын жана менчигинин чегинде өз милдеттери боюнча жооп берет. Жалпы билим беруу уюмуна корсотулгон акчалай каражаты жетпей калса, анда анын милдеттери боюнча Кыргыз Республикасынынын мыйзамдарында белгиленген тартипте уюштуруучусу жооп берет.

6.6. Республикалык жана муниципалдык билим берүү уюмдарын каржылоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт. Жергиликтуу оз алдынча башкаруу органдары, каржылоо каражаттары болсо, жалпы билим беруу уюмдарын ченемдерден ашык каржылашы мумкун.

6.7. Жалпы билим берүү уюмунун финансылык – чарбачылык ишин мамлекеттик контролдоону текшерүү органдары тийиштүү ченемдик укуктук актылардын негизинде жүргүзушөт.

6.8. Жалпы билим беруу уюмун бюджеттик каржылоо Кыргыз Республикасынын "Билим беруу жонундогу" Мыйзамынын 43, 44 беренелерине жана "Кыргыз Республикасынын жалпы билим беруу уюмдарын каржылоонун ченемдик принцибине которуу жонундогу" Кыргыз Республикасынын Окмотунун 2013-жылдын 30-майындагы №302 токтомуна ылайык жургузулот.

## 7. Эл аралык кызматташтык

7.1. Жалпы билим берүү уюму Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте чет өлкөлүк ишканалар (мекемелер, уюмдар) менен түз байланыш түзүүгө жана банк мекемелеринде валюталык эсептерин ачууга укуктуу.

## 8. Жалпы билим берүү уюмун жоюу жана өзгөртүп уюштуруу

8.1. Окуу жылынын аягында жалпы билим берүү уюму жоюлса же өзгөрүп уюштурулса, райондук билим беруу болуму окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу окулдору) менен макулдашып, аларды башка жалпы билим берүү уюмдарына которуу боюнча жоопкерчилигин озунө алат.

8.2. Жалпы билим берүү уюмунун жоюлушу жана өзгөртүп уюштурулушу Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинде жана Кыргыз Республикасынын "Юридикалык жактарды, филиалдарды (окулдукторду) мамлекеттик каттоо жөнүндө" Мыйзамында аныкталган тартипте ишке ашырылат.